**УДК 364.65.1.**

## БАЛДАРГА ЖАСАЛГАН ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН АЛДЫН АЛУУНУН ЖОЛДОРУ

Тогузакова Батма Шерматовна - ОшМПУ, окутуучу
toguzakovabatma@gmail.com
Мурзаканова Гүлшайыр - ОшМПУ, окутуучу
gulshaiyr.82/kg@gmail/com

## ВИДЫ НАСИЛИЯ НАД ДЕТЯМИ И СПОСОБЫ ИХ ПРЕДОТВРАЩЕНИЯ

Тогузакова Батма Шерматовна - ОшМПУ, окутуучу
toguzakovabatma@gmail.com
Мурзаканова Гүлшайыр - ОшМПУ, окутуучу
gulshaiyr.82/kg@gmail/com

## TYPES OF VIOLENCE AGAINST CHILDREN AND WAYS TO PREVENT THEM

Toguzakova Batma Shermatovna - OshMPU, teacher
toguzakovabatma@gmail.com
Murzakanova Gulshayr - OshMPU, teacher
gulshaiyr.82/kg@gmail/com

**Аннотация:** Макалада өлкөбүздө болуп жаткан балдарга жасалган кылмыштуу зордук-зомбулук маселеси, аны алдын алуунун жолдору, балдардын укуктарын ар тараптан коргоо, ошондой эле зордук-зомбулуктун пайда болуу критерийлери, балдардын инсандык сапаттарын туура калыптандыруу маселелери кеңири баяндалды.Бул тема учурда аябай актуалдуу, массалык маалымат каражаттарынын кеңири кулач жайышы болгон терс окуяларды бат эле жалпы калкка жеткирип берүүдө. Кыргызстанда дагы көп сандаган балдар ар түрдүү кордуктарга кабылышууда.Бул терс окуялардын көнүмүш адаттарга айланып кетпөөсүнүн алдын ала чаралары көрүлүүсү шарт.
***Ачкыч сөздөр***: Балдар, коом, зордук-зомбулук, укук, тарбия, инсан, кордук, коргоо, ата-эне, үй-бүлө.
**Аннотация:** В статье подробно рассмотрен вопрос криминального насилия над детьми в нашей стране, способы его предотвращения, всемерной защиты прав детей, а также критерии возникновения насилия, правильного формирования детской личности. Черты характера. Эта тема в настоящее время очень актуальна и широко распространена. Негативные события, широко распространенные в средствах массовой информации, быстро распространяются на население. Большое количество детей в Кыргызстане подвергаются различным злоупотреблениям. Необходимо принять профилактические меры, чтобы эти негативные явления не стали привычными.
***Ключевые слова***: Дети, общество, насилие, закон, образование, личность, насилие, защита, родители, семья.
**Abstract:** The article describes in detail the issue of criminal violence against children in our country, the ways to prevent it, the protection of children's rights in every way, as well as the criteria for the occurrence of violence, the correct formation of children's personality traits. This topic is currently very relevant and widespread. negative events that are widespread in the mass media quickly spread to the general population. A large number of children in Kyrgyzstan are subjected to various abuses. It is necessary to take preventive measures so that these negative events do not become habitual.
***Keywords:*** Children, society, violence, law, education, personality, abuse, protection, parents, family.

Келечек ээлери болгон жаш жеткинчектерди ар тараптан коргоо жашаган мамлекеттин, ата-эненин, мектептин, укук коргоо органдарынын бирден-бир милдети болуп саналат. Балдар

биздин келечегибиз, мураскорлорубуз, урпак улоочуларыбыз эмеспи. Мына ошол келечектеги кыргыз улутунун уңгусун улап, көчүн улаган балдарыбыздын азыркы абалы кандай? Алар ар тараптан корголуп, камсыздалып жатабы? Учурдагы жүрөк чыдагыс көйгөйлөр күн санап, күчөп, көбөйүп бараткнаы коомчулуктун назарын буруууда. Кээ бирлери миграция, мамлекеттин экономикалык абалы, жетекчилер, саясатчылар күнөөлүү деп күнөөнү бир тарапка оодарса, үй-бүлөдө ата-эненин жанында жүргөн эле балдардын зордук-зомбулукка кабылышын кандай түшүнсө болот.Өзгөчө алсыз балдардын кордолушу зээнди кейитет. Тарыхта болбогон нерселер коомдо күн санап уланып жатышы эмнеден кабар берет... Дегеле зордук-зомбулук деген эмне?

**Зомбулук** — Бир адамдын кепилденген жарандын жеке кол тийбестик укугун бузууга экинчи адамдын психикалык жана дене боюна таасир этүүсү. Дене бойго зомбулук адамдын организмине түздөн-түз залал келтирүүдөн: уруп-согуудан, денесине жаракат келтирүүдөн, ар кыл ыкмалар менен жабыркатуудан көрүнөт. Психикалык зомбулук жабырлануучунун каршылык көрсөтүүгө эркин майтаруу үчүн адамды психикасына коркутуу менен таасир этүүдө жатат.

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун аныктамасы боюнча **зомбулук** –бул «реалдуу же коркутуу жолу менен физикалык күчтү же бийликти атайылап колдонуу, анын натыйжасы денеге залал келтирүү, өлүм, психологиялык травма, өнүгүүнүн четтөөлөрү, же ар кандай зыяндарга алып келүү” деп аныкталат.

Изилдөөлөрдө балдарга карата жасалган зордук-зомбулуктун түрлөрү: эмоционалдык, физикалык, сексуалдык болуп бөлүнөт. Эмоционалдык, психологиялык зордук-зомбулукту тактоо бир топ татаал, анткени, балада көрүнөө тактар, этинде көгөрүүлөр байкалбайт.Бирок, карап келсек бул зомбулуктун түрү сабагандан да эң коркунучтуу, себеби, бала эмоциясын сыртка чыгара албай ар түрдүү терс окуяларга барышы мүмкүн. Мисалы, өзүнө кол салуу, суицид жана башкалар . Жашыруун коркутуу, кемсинтүү, опузалоо, сөгүү, башкалардан бөлүү, ачуулантуу, шылдыңдоо, ат коюу, ушактоо, жамандоо сыяктуу негатив нерселер баланы катуу жабыркатат. Натыйжада бала психологиялык соккуга кабылып, терс таасир алып, өзүнө зыян келтириши толук мүмкүн.Демек, ата-эне, мугалим бул учурда балага жакындан жардам берген тарап болуп саналат. Мындай кордуктун белгилерин учурунда байкап, ага туура багыт көрсөтүп сактап калууга милдеттүү. Мындай кубулушка кабылган бала төмөнкү фразаларды көп колдонуп баштайт.Башым ооруп атат,ичим ооруп жатат, жүрөгүм айлантат... Көбүнчө булар эрте менен көп айтылат, анткени бала мектепке баргысы келбейт.Алардын көп учурда маанайлары төмөн болот, окуусу кескин начарлап кетет, жалтак болушуп, өз оюн айтуудан корунушат, көзгө тике карабай, көздөрүн ала качышат, көпчүлүктөн качышып, жалгыз жүргүлөрү келишет. Демек, мындай көрүнүштөр балада байкалса, анда ал балада кандайдыр “көйгөй” болуп жатканынан кабар берет. [1]

Ал эми физикалык зордук-зомбулукка кабылган балдарда бул белгилер дароо эле байкалат. Денедеги тактар, шишиктер, теринин сыйрылуулары, сынуулар, көгалалар, физикалык кордуктун курмандыгы болгондугунан кабар берет. Бул да коркунучтуу балдар бул нерсени жашырышып, ачык айтуудан коркушуп, жашыруун өч алмайлар башталат, же өздөрүн алаксытуу башка терс адаттарга азгырыла баштошат.Мисалы, тамеки тартуу, ичимдик ичүү жана башка . [2]

Ал эми сексуалдык зомбулукка кабылган жашы жете элек балдардын абалы бир топ оор.Баланын кийинки тагдырына да чоң азап жаралышы мүмкүн. Буларга жыныстык катнаштардан сырткары, зордоп өбүү, кучактоо, денесинин аяр жерлерин кармалоо, аңдуу,

жыланачтап сүрөткө тартууга мажбурлоо, порнографиялык сүрөт, видеолорду көрсөтүү, сойкулука үндөө кирет. Бала психологиялык жактан оор жабыр тартат.Мындай балдарда , өзүнө болгон ишеним жоголот, коркуу, уялуу, ооруган жерлерин жашыруу күч алат.Эгерде убагында туура дарылабаса булар аракечтикке, маң заттарга, сойкулукка берилип кетүүлөрү толук айкын.Демек, учурунда байкап, мугалим, ата-эне урушпай, жемелебей жакындан жардам берүү туура. Андан соң балдар менен иштеген укук коргоо органдарына кайрылуу керек. Көпчүлүк ата-энелер өздөрүнүн ар-намыс абийирин коргоп, укук коргоо органдарына, медкызматкерлерге кайрылбай жашыруу аракетин көрүшөт.Бул туура эмес, убагында чара көрүлбөсө ал көрүнүштөр улана бериши толук мүмкүн.Бул балдар менен сөссүз психологдор иш алып баруусу кажет. [3]

Ар бир бала инсандык кадыр-баркка ээ болуш керек, аны ата-эне, мугалим, чондор да билүүгө милдеттүү.Биз көбүнчө чоңдор балдардын бала экендигинен пайдаланып, алсыздыгын колдонуп, ага терс мамиле көп жасайбыз.Урушуу, шылдыңдоо, басмырлоо менен кызыкчылыгын эске албай мамиле кылабыз. Бул нерселер балада терс эмоцияны пайда кылып, эң алгачкы бирөөнү кордоо сезимдери пайда болушуна шарт түзөбүз.Алар менен чондордой сүйлөшүүгө, экинчи адамдын кадыр-баркына шек келтирбөөгө кичинесинен үйрөтүшүбүз керек. [2]

Азыркы заманда ааламдашуу процесси кызуу жүрүп жаткан учурда адамдардын ишмердүүлүгүгү активдүү болуп, жаш муундарды окутуп тарбиялоодо активдүү ыкмалар, жолдор талап кылынууда. Учурда коомдо адеп жактан жаш муундарды тарбиялоодо олуттуу көйгөйлөр көп. Улутубуздун нарктуу үй-бүлөсү ар дайым адептүүлүк сапаттарын өтө жогору баалап, сактап келишкен.Окутуу-тарбиялоо процессинде эске алуучу башкы нерсе да бул балдарда кичине мезгилинен баштап, адеп-ахлактык түшүнүктөргө сугаруу болууда. Адеп-ахлак жактан тарбиялоонун коомдук маани-маңызы жана социалдык орду аябай актуалдуу.Учурда балдарыбыз технологиянын курмандыгы болушуп, багыттарын таппай моралдык жактан жабыркоодо. Баарыбыз коопсуз чөйрөдө жашагыбыз келет.Балдарыбыз кенири жүргөнүн каалайбыз.Ыймандуу, адеби толук адам эч качан зомбулукка жол бербейт, экинчи адамга күч келтирбейт, бирөөгө кордук көрсөтпөйт.Демек, бул жерде маселе тарбиялоо процессинин жүрүшүндөгү кетирген кемчиликтердин жыйынтыгы болууда.Зомбулук дароо эле пайда болбойт.Ал көрүнбөгөн жарадай акырын ырбап, кучагын жайат.Биз ошол илдетти өз учурунда туура байкап, туура багыт аркылуу оңдоп, түзөсөк эмнеге болбосун.Көбүнчө зомбулук жасагандардын жашоо таржымалын карап көрсөн, алардын курчаган негатив чөйрөсү, үй-бүлөсүндөгү мамилелер, мектептеги басмырлоолор ж.б.ушул сыяктуу көрүнүштөр көп учурайт. [4]

Балдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алуу коомдун бардык секторлорунун узак мөөнөттүү жана макулдашылган аракеттерин талап кылат. Бул стратегияларды ишке ашыруу менен биз балдарыбыз үчүн коопсуз чөйрөнү түзө алабыз.[5]

ЮНИСЕФ сунуш кылган “Зомбулуксуз мектеп” программасы баштапкы пилоттук фаза окуучулар арасында, ошондой эле 38 мектепте мугалимдер, социалдык педагогдор жана жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү арасында опузалоо жана зомбулук жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууда чоң эффективдүүлүгүн далилдей алган. Мындан башка мектептерде зомбулуктун деңгээлин азайтуудан тышкары программа дагы да кеңири маданиятты калыптандырууга, көп түрдүүлүктү, укуктарды урматтоо, диалог түзүү, жаңжалды зомбулук колдонбой токтотуу усулдары үчүн коомдук нормаларды жана баалуулуктарды трансформациялоону илгерилетүүгө көмөктөшөт.

Демек, балдарды зомбулуктан арылтуу – комплекстүү мамилени талап кылган татаал жана көп кырдуу иш. Бул жерде буга жардам бере турган бир нече негизги аспектилер бар:

**Алдын алуу:**

1. Билим берүү: Балдарды жаштайынан урматтоо, коопсуздук, зордук-зомбулукту аныктоо жана алдын алуу принциптерине үйрөтүү маанилүү.
2. Ата-энелик көндүмдөр: ата-энелерге оң ата-энелик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берүү жана конфликттик конфликттерди чечүү ыкмаларын үйрөтүү.
3. Социалдык чөйрө: Мектептерде, үй-бүлөдө жана жалпысынан коомчулукта коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүү.
4. Эрте аныктоо: Зордук-зомбулукка алып келүүчү тобокелдик факторлорун эрте аныктоо системасын иштеп чыгуу.

**Коргоо:**

1.Мыйзамдар: Балдарды зомбулуктун бардык түрлөрүнөн, анын ичинде сексуалдык, физикалык, эмоционалдык жана кароосуздуктан коргоо үчүн катуу мыйзамдар жана чараларды иштеп чыгуу.

2.Атайын кызматтар: Зордук-зомбулукка кабылган балдар үчүн ишенимдүү колдоо кызматтарын түзүү: ишеним телефондору, баш калкалоочу жайлар, кесиптик жардам түзүү.

3.Кызматташуу: Билим берүү мекемелеринин, укук коргоо органдарынын, социалдык кызматтардын жана коомчулуктун ортосундагы тыгыз кызматташуу.

**Коомдук аң-сезимдин өзгөрүшү:**

Билим берүү: Балдарга карата зордук-зомбулук көйгөйү жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатуу, мифтерди жана стереотиптерди жок кылуу.

Маданий мамиле: Балдарды сыйлоо маданиятын калыптандыруу, аларга үн берүү жана укуктарын коргоо.

Медиа сабаттуулук: Медиа сабаттуулукту жана зордук-зомбулукту үгүттөгөн медиа контентти критикалык кабыл алууну жакшыртуу үчүн конференция-семинарларды өткөрүү.

**Агрессорлор менен иштөө:**

Психологиялык жардам: агрессорлордун аракеттерин түшүнүүгө жана альтернативалуу жүрүм-турумду өнүктүрүүгө багытталган психологиялык жардам көрсөтүү.

Реабилитациялоо программалары: Агрессорлорду реабилитациялоо боюнча программаларды түзүү, алардын жүрүм-турумун өзгөртүүгө жана зомбулуктун кайталанышына жол бербөөгө багытталган. [5]

Балдарга карата зордук-зомбулук маселесин чечүү тез же оңой эмес экенин түшүнүү керек. Бул коомдун бардык кызыкдар тараптарынан туруктуу жана ар тараптуу аракеттерди талап кылат.Балдарга карата зордук-зомбулук комплекстүү мамилени талап кылган олуттуу көйгөй. Бул жерде балдарга зомбулуктун алдын алуу үчүн кээ бир маанилүү кадамдарды түзүү керек. Балдар үчүн үйдө, мектепте жана коомчулукта коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүүлүүсү кажет.Балдар менен ишенимдүү чоңдордун ортосундагы ачык баарлашуу жүрүүсү маанилүү. Балдарды да коркутпай өз оюн так айтууга түрткү берүүбүз керек. Тренинг жана маалымдуулукту жогорулатуу да жакшы натыйжа берет. Балдарга зордук-зомбулук деген эмне, аны кантип таануу керек жана кимден жардам сурап кайрылуу керектиги тууралуу түшүндүрүүлөр үзгүлтүксүз жүргүзүлүүсү оң. Чоңдорго балдарды зомбулуктун белгилери жана ал тууралуу билдирүүлөргө кантип жооп берүү керектиги жөнүндө окутуу тарбиялоо процессинде туура маалымат жеткирүү маанилүү.Коомдук уюмдар жана билим берүү программалары аркылуу балдарга зомбулук көрсөтүү менен байланышкан стигманы

азайтуу.Үй-бүлөлөрдү бекемдөө тренингдерди өткөрүү, балдарга кам көрүү жана мектептен кийинки колдоо программаларын түзүү, позитивдүү ата-энелик тарбияны кубаттоо жана денелик жазалоону жок кылуу, санариптик мейкиндикте балдарды коргоо, балдарга интернеттин коркунучтары жана интернеттеги жырткычтардан кантип коргонуу керектиги жөнүндө билим берүү, балдардын сексуалдык зомбулуктарына байланыштуу онлайн кылмыштарды аныктоо жана үзгүлтүккө учуратуу үчүн укук коргоо органдары менен кызматташуулар жолго коюлушу шарт. [6]

**Колдонулган адабияттар:**


1. Мектептердеги зомбулук боюнча отчет (ЮНИСЕФ, 2011, зомбулуксуз мектеп)
2. Кыргыз Республикасындагы балдарга карата зомбулук боюнча изилдөө (ЮНИСЕФ, 2019)
3. Кыргызстандагы балдарга карата зомбулук: масштабы, формалары, аны жеңүү жолдору (Ред. Ж.Б. Садыбакасова, Г.Б. Жунушалиева, 2019-ж.)
4. Кыргызстанда балдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана аны жеңүү (Ред. Ж.Б. Садыбакасова, А.А. Алымкулова, 2018)
5. Кыргыз Республикасында балдарды социалдык-укуктук коргоо (Ред. Ж.Б. Садыбакасова, 2017)
6. Зордук-зомбулукка кабылган балдарга жана өспүрүмдөргө психологиялык жардам көрсөтүү (Ред. Ж.Б. Садыбакасова, Г.Б. Жунушалиева, 2016-ж.)